**БЕКИТЕМИН**

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинин ректору, Улуттук илимдер академиясынын академиги, в.и.д., профессор Р.З. Нургазиев

_______________________
*колу*

«_27_» _Сентябрь_________2024-ж.

М.п.

**Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын жайылтылышы боюнча түзүлгөн**

**АКТ**

1. **Илимий ишти жайылтуучунун аты-жөнү:** Ибраев Алмазбек Дүйшөкович.

2. **Илимий иштин аталышы:** «Дистанттык билим берүүнүн теориясы жана практикасы» аталыштагы диссертация.

3. **Кыскача аннотация:** Диссертацияда дистанттык билим берүүнүн теориялык жана практикалык маселелери боюнча илимий жактан негиздөөчү актуалдуу проблема изилденет. Дистанттык билим берүүнүн тарыхы, учурдагы абалы жана өнүгүү келечеги тууралуу адабияттарга талдоо жүргүзүлгөн. Дистанттык билим берүүнүн ролу жана орду, изилдөөнүн методологиясы, концептуалдык негиздери иштелип чыккан. Дистанттык билим берүүнүн структурасы жана мазмунун аныкталып, схемасы берилген. Аралыктан окутуунун сапатын жакшыртуу максатында регламенттөөчү принциптер, педагогикалык шарттар аныкталган жана алардын ар бир компоненти чечмеленип берилген. Дистанттык билим берүүнүн методикалык системасы, педагогикалык модели иштелип чыгып сунушталган жана анын эффективдүүлүгү эксперименталдык жол аркылуу текшерилген.

4. **Илимий ишти жайылтуунун алгылыктуулугу:** Изилдөөдөн алынган натыйжаларды жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү ишке ашыруунун, өнүктүрүүнүн стратегиясын иштеп чыгууда, илимий-теориялык негиздерин, практикалык жолдорун аныктоодо багыт берүүчү каражат катары колдонууга болот. Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү ишке ашыруу, аралыктан окутуунун сапатын жогорулатуу жана окутуучулардын санариптик билим – билгичтиктерин калыптандыруу базасын байытууга мүмкүндүк түзө алат. Изилдөөдөн алынган натыйжаларды, тажрыйбаларды жогорку окуу жайларында дистанттык билим берүүнү эффективдүү ишке ашырууда, анын сапатын жогорулатууда, окутуучулардын санариптик сабаттуулуктарын арттырууда, илимий изилдөө иштеринде жана окуу практикасында колдонууга болот.

5. **Илимий ишти жайылтуу жери жана убактысы:** 2019, 2021, 2022, 2023, 2024-окуу жылдарында Бишкек шаарынын К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинде жүргүзүлдү.

6. **Илимий ишти жайылтуу формасы:** офлайн жана онлайн окуулар, тренинг-семинарлар аркылуу ишке ашырылды.

МСжДББ институтунун директору Мелис уулу Д ____________________________

Изденүүчү: Ибраев А.Д. _________________________